**100105 – «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги үчүн**

**<u>«Профессионалдык математика» </u>дисциплинасы боюнча баалоо каражаттарынын фондусу (ФОС)**

| **Контролдук/модулдук суроолор** | **Доклад темалары** | **Тестирлөө** | **СӨИ темалары** |
|---|---|---|---|
| 1. Аныктагыч (определитель) деген эмне?<br>2. Аныктагычтын мааниси кайсы учурда өзгөрбөйт?<br>3. Аныктагыч кайсы учурларда нөлгө барабар болот?<br>4. Аныктагычтын элементинин миноруна жана алгебралык толуктоочусуна аныктама бериңиз.<br>5. Аныктагычтарды эсептөөнүн негизги эрежелерин атаңыз.<br>6. Матрицалар менен кандай сызыктуу амалдар аткарылат?<br>7. Эки матрица кандайча көбөйтүлөт жана матрицалардын көбөйтүндүсүнүн касиеттери кандай?<br>8. Тескери матрицаны табуунун схемасын түшүндүрүңүз.<br>9. Сызыктуу алгебралык теңдемелер системасынын (САТС) чыгарылышы деген эмне?<br>10. САТСтин «биргелешкен», «биргелешпеген», «аныкталган» жана | 1. Мейманкана бизнесиндеги математикалык моделдөөнүн мааниси.<br>2. Матрицалар жана аларды мейманкананын ресурстарын бөлүштүрүүдө колдонуу.<br>3. Сызыктуу теңдемелер системасы логистикалык маселелерди чечүүдө.<br>4. Крамер методу жана анын экономикалык эсептөөлөрдөгү ролу.<br>5. Гаусс методу: мейманканадагы кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын оптималдаштыруу.<br>6. Математикалык статистика: мейманкананын кардарларынын агымын талдоо.<br>7. Ыктымалдуулук теориясы жана мейманканадагы орундарды брондоо тобокелдиктери.<br>8. Комбинаториканын элементтерин туристтик маршруттарды түзүүдө колдонуу.<br>9. Байес формуласы жана кардарлардын тандоосун прогноздоо. | 1. Экинчи тартиптеги аныктагычты эсептөө формуласын көрсөтүңүз.<br>2. Матрицаларды кошуунун негизги шарты кандай?<br>3. Бирдик матрица (единичная матрица) деген эмне?<br>4. Тескери матрица бар болушу үчүн анын аныктагычы эмнеге барабар болбошу керек?<br>5. Крамер методундагы Δ (дельта) нөлгө барабар болсо, системанын канча чыгарылышы бар?<br>6. Матрицаны санга көбөйтүү эрежесин белгилеңиз.<br>7. Транспонирленген матрица деген эмне?<br>8. Матрицанын өлчөмү (размерность) кантип аныкталат?<br>9. Гаусс методунун негизги максаты эмне?<br>10. Квадраттык матрицанын аныктагычы кайсы учурда нөлгө барабар? | 1. Аныктагычтарды жайылтуу методу менен эсептөө (практикалык иш).<br>2. Матрицалык теңдемелерди чыгаруу боюнча жеке тапшырма.<br>3. Крамер методу менен 3 өзгөрүлмөлүү системаны чыгаруу.<br>4. Гаусс методун колдонуп САТСти эсептөө (индивидуалдык варианттар).<br>5. Тескери матрицаны табуу жана текшерүү жүргүзүү.<br>6. СӨИ: Мейманкананын киреше-чыгашасын матрица түрүндө чагылдыруу.<br>7. Комбинаториканын формулаларын далилдөө жана мисалдарды түзүү.<br>8. Ньютон биномунун коэффициентинин касиеттерин изилдөө.<br>9. Ыктымалдуулуктун классикалык аныктамасына 10 маселе чыгаруу.<br>10. Толук ыктымалдуулук боюнча кырдаалдык маселелерди түзүү.<br>11. Байес формуласын колдонуп диагностикалык маселелерди талдоо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| «аныкталбаган» түрлөрүн мүнөздөңүз.<br>11. Крамердин формулаларын жазыңыз жана алар кайсы учурда колдонулат?<br>12. Матрицанын рангдары деген эмне жана ал кантип табылат?<br>13. Кронекер-Капелли теоремасын айтып бериңиз.<br>14. САТСтин чексиз көп чыгарылышы же бир эле чыгарылышы болушунун шарттары кандай?<br>15. Сызыктуу теңдемелер системасын чыгаруунун Гаусс методун сүрөттөңүз.<br>16. Бир тектүү сызыктуу алгебралык теңдемелер системасынын чыгарылыштарынын өзгөчөлүктөрү кандай?<br>17. Чыгарылыштардын фундаменталдык системасы кантип түзүлөт?<br>18. Ыктымалдуулук теориясынын предмети жана негизги түшүнүктөрү.<br>19. Ыктымалдуулуктун классикалык аныктамасы жана касиеттери.<br>20. Ыктымалдуулуктун статистикалык аныктамасы деген эмне? | 10. Ньютон биному жана анын математика илиминдеги орду.<br>11. Математикалык логиканын заманбап компьютердик технологиялардагы орду.<br>12. Кокустук чоңдуктар мейманкананын кирешесин эсептөөдө.<br>13. Дисперсия жана орточо квадраттык четтөөнү тейлөө сапатын баалоодо колдонуу.<br>14. Математика илиминин өнүгүү тарыхы жана анын кесиптик ишмердүүлүктөгү мааниси.<br>15. Сандардын системасы жана алардын санариптик тейлөөдөгү ролу.<br>16. Матрицалык алгебранын программалоодогу колдонулушу<br>17. Статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуунун заманбап ыкмалары.<br>18. Тейлөө тармагындагы кезектер теориясына математикалык көз караш.<br>19. Мейманканадагы финансылык операцияларды эсептөөдөгү математикалык методдор.<br>20. Ишкердик чечимдерди кабыл алуудагы ыктымалдуулук моделдери.<br>21. Тейлөө чөйрөсүндөгү статистикалык изилдөөлөрдүн ишенимдүүлүгү. | 11. Классикалык ыктымалдуулуктун формуласын көрсөтүңүз: $P(A)=m/n$.<br>12. Мүмкүн болбогон окуянын ыктымалдуулугу канча?<br>13. Сөзсүз боло турган окуянын ыктымалдуулугу?<br>14. Окуялардын суммасынын ыктымалдуулугунун формуласы.<br>15. Шарттуу ыктымалдуулук деген эмне?<br>16. Толук ыктымалдуулуктун формуласындагы гипотезалардын касиети.<br>17. Комбинаторикада «алмаштыруу» (перестановка) формуласы ($n!$).<br>18. «Топтоштуруу» (сочетание) формуласы.<br>19. Ыктымалдуулуктун статистикалык аныктамасындагы салыштырмалуу жыштык.<br>20. Карама-каршы окуянын ыктымалдуулугун табуу ($1-P(A)$).<br>21. Математикалык күтүү $M(X)$ кандай эсептелет?<br>22. Дисперсиянын $D(X)$ физикалык же экономикалык мааниси. | 12. Кокустук чоңдуктардын бөлүштүрүү таблицасын түзүү.<br>13. Математикалык күтүү жана дисперсияны эсептөө боюнча реферат.<br>14. СӨИ: Мейманканадагы тейлөө убактысынын статистикалык мүнөздөмөсүн эсептөө.<br>15. Статистикалык маалыматтарды графиктик (гистограмма) түрүндө берүү.<br>16. Профессионалдык математика боюнча глоссарий түзүү.<br>17. Матрицанын рангдарын табуунун ар түрдүү ыкмалары.<br>18. Кронекер-Капелли теоремасынын практикалык маанисин баяндоо.<br>19. Сызыктуу алгебранын экономикадагы колдонулушу боюнча презентация.<br>20. Бернулли схемасы жана анын тиркемелери.<br>21. Кокустук чоңдуктардын функцияларын изилдөө.<br>22. Орточо квадраттык четтөө жана вариация коэффициенти.<br>23. Тандоо (выборка) методу жана анын репрезентативдүүлүгү.<br>24. Математикалык статистикадагы мода жана медиана түшүнүктөрү.<br>25. СӨИ: Туристтердин өлкөлөр боюнча бөлүштүрүлүшүн статистикалык талдоо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 21. Окуялардын толук тобу, карама-каршы окуялар жана алардын ыктымалдуулуктарынын касиеттери.<br>22. Ыктымалдуулуктарды көбөйтүү теоремаларын түшүндүрүңүз.<br>23. Ыктымалдуулуктарды кошуу теоремалары.<br>24. Толук ыктымалдуулуктун формуласы жана Байес формуласы.<br>25. Комбинаториканын негизги элементтери: орундаштыруу, топтоштуруу жана алмаштыруу.<br>26. Кокустук чоңдуктар жана кокустук окуялар деген эмне?<br>27. Кокустук чоңдуктардын сандык мүнөздөмөлөрү.<br>28. Кокустук чоңдуктун математикалык күтүүсү жана анын касиеттери.<br>29. Кокустук чоңдуктун дисперсиясы жана анын мааниси.<br>30. Орточо квадраттык четтөө жана анын эсептөө тартиби. | 22. Бернулли формуласы жана кайталануучу окуяларды эсептөө.<br>23. Кокустук окуялардын классификациясы жана алардын турмуштук мисалдары.<br>24. Математикалык күтүү – бизнес пландаштыруунун куралы катары.<br>25. Матрицалардын рангдары жана алардын практикалык мааниси.<br>26. Информатика жана математика: Алгоритмдерди иштеп чыгуу.<br>27. Туризм тармагындагы статистикалык отчеттуулуктун математикалык негиздери.<br>28. Сызыктуу алгебранын тарыхый инсандары жана алардын ачылыштары.<br>29. Математикалык эсептөөлөрдүн тактыгы жана жакындаштырылган эсептөөлөр.<br>30. Мейманкана менеджменти үчүн математикалык программалык камсыздоолор. | 23. Орточо квадраттык четтөөнүн дисперсия менен байланышы.<br>24. Кокустук чоңдуктун бөлүштүрүү закону деген эмне?<br>25. Матрицаларды көбөйтүүдө орун алмаштыруу мыйзамы аткарылабы? (AB=BA?).<br>26. Сызыктуу теңдемелер системасындагы «эркин белгисиздер» түшүнүгү.<br>27. Нөлдүк матрицанын касиеттери.<br>28. Байес формуласынын негизги кызматы.<br>29. Дискреттүү кокустук чоңдуктун мисалын келтириңиз.<br>30. Үчүнчү тартиптеги аныктагычты үч бурчтук эрежеси менен эсептөө. | 26. Матрицаларды программалык камсыздоо (мисалы, Excel) аркылуу эсептөө жолдору.<br>27. Ыктымалдуулук теориясынын тарыхый маселелери (Шевалье де Мере маселеси ж.б.).<br>28. Санариптик экономикада математикалык алгоритмдердин ролу.<br>29. Математикалык логикадагы чындык таблицаларын түзүү. |

**«Профессионалдык математика» дисциплинасы боюнча баалоо структурасы:**

**1. Баллдык-рейтингдик система.**

Дисциплинаны өздөштүрүү процессинде студенттин билимин баалоо үчүн рейтингдик система колдонулат. Системанын негизги мүнөздөмөлөрү:

- Максималдуу упай: Бардык модулдар боюнча максималдуу упайлардын суммасы 100 баллды түзөт, бул материалды 100% өздөштүрүүгө барабар.
- Минималдуу упай: Ар бир модулда баллдардын минималдуу саны аныкталат. Оң баа алуу үчүн студент дисциплина боюнча кеминде 60 балл топтошу керек.
- Баллдарды бөлүштүрүү: Рейтингдик баллдар дисциплинардык модулдардын маанилүүлүгүнө жана эмгек сыйымдуулугуна жараша бөлүштүрүлөт.

**2. Баалоо шкаласы жана критерийлери**

Топтолгон баллдарды академиялык баага которуу төмөнкү схема боюнча жүргүзүлөт:

• 60–75 балл — «канааттандырарлык» (удовлетворительно);

• 76–85 балл — «жакшы» (хорошо);

• 86–100 балл — «эң жакшы» (отлично).

Студенттин билими анын негизги математикалык иштеп чыгуу ыкмаларын, статистика методдорун, алгебра жана геометриянын негиздерин билүүсү, ошондой эле математикалык методдорду кесиптик маселелерди чечүүдө колдоно алуу жөндөмү боюнча бааланат.

**3. Баалоонун формалары жана усулдары**

Окуу процессинде контролдун төмөнкүдөй түрлөрү колдонулат:

- Учурдагы көзөмөл (ТРК): Сабак учурунда каалаган убакта теманын өздөштүрүлүшүн тандап текшерүү.
- Аралыктык көзөмөл (Промежуточный контроль): Ар бир дисциплинардык модулдун өздөштүрүлгөн материалы боюнча бардык студенттер үчүн бир убакта жүргүзүлүүчү баалоо.
- Модулдук рейтинг(МРК): Дисциплина эки негизги модулга бөлүнгөн:

- 1-модуль: Аныктагычтар, матрицалар, сызыктуу теңдемелер системасы, Крамер жана Гаусс методдору. Бул модулдун аягында №1 Контролдук иш жана СӨИни (студенттин өздүк иши) тапшыруу жана коргоо каралган.
- 2-модуль: Математикалык статистиканын элементтери, комбинаторика жана ыктымалдуулук теориясы, Ньютон биномунун формуласы. Бул модулдун аягында №2 Контролдук иш жана СӨИни коргоо өткөрүлөт.

Жыйынтыктоочу рейтинг: Дисциплинанын аягында жалпы жыйынтыктоочу баа коюлат.

Студенттер СӨИ темасын же доклад темаларын тандоо укугуна ээ.